КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН
КАДАМЖАЙ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО
КОМИССИЯСЫ

ЦЕНТРАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ
КОМИССИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
КАДАМЖАЙСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ
ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясынын

№ 28 - Чечими

2021-жылдын 15-апрели

Кадамжай шаары

Баткен облусунун ,Котормо айылынын тургуну Таабалдыев Рахман Маматович БШКга жазган арызы жонундо.

Кадамжай АШКнын торагасы Т.Омурзаковдун билдируусу, ал оз созундо Таабалдыев Рахман Маматовичтин жазган арызынын маанисин окуп таныштырды жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жонүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 4-болүгүнө ылайык, 21 жаш куракка толгон, жалпы орто билимден төмөн эмес билими бар, тиешелүү администрациялык-аймактык бирдиктин жергиликтүү жамаатынын мүчөсү жергиликтүү кеңештин депутаты болуп шайланууга укуктуу.

Ошондой эле жогоруда корсөтүлгөн Мыйзамдын 2-беренесине ылайык, жергиликтүү жамааттын мүчосү - тиешелүү айылдык аймактын, шаардын аймагында туруктуу жашаган жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү жамаат менен жалпы кызыкчылыктары байланышкан Кыргыз Республикасынын жараны. Шайлоочунун жергиликтүү жамааттагы мүчөлүгү туруктуу жашаган жерин каттоо жөнүндө жарандын паспортундагы белги менен аныкталат.

№ 8125 шайлоо участкасында талапкер Патталова Асел Абдыкаримовна № 8123 участкасынан талапкерликке койгону мыйзам ченемдуу деп эсептейбиз

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын шайлоо комиссиялары жөнүндө" Мыйзамынын 20-беренесинин негизинде, Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Таабалдыев Рахман Маматовичтин арызы мыйзамга дал келбегендигине байланыштуу канаатандыруудан баш тартылсын.
2. Чечимдин кочурмосун БШКна жана арыз ээсине жонотуу жагы АШКнын катчысы Б.Абжапаровага тапшырылсын.

Төрага: Т.Омурзаков

Катчы: Б.Абжапарова